КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I-чакырылышынын IV-кезексиз сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

2025-жылдын 22-февралы №19 Барскоон айылы

**Барскоон айылындагы чоң тегирмен жайгашкан жер тилкесин тактоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 18-беренесине, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесине ылайык, муниципалдык мекчикти максаттуу пайдалануу аркылуу киреше табуу жөнүндө Караколка айыл башчысы М.Ибаковдун сунушун угуп, муниципалдык менчик, жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусунун негизинде Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Барскоон айыл аймагынын Барскоон айылындагы чоң тегирмендин жер тилкеси кошуна жайгашкан Барскоон айылынын тургуну А.Келгенбаев менен такташып, макулдашылган чектер менен бөлүп чыгуу сунушу жактырылсын жана макулдук берилсин.
2. Тиешелүү иш кагаздарын жүргүзүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаевге тапшырылсын.
3. Токтом айыл аймактын веб-сайтына жарыялансын.
4. Токтомду веб-сайтка жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылар реестрине каттоо кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевага милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин муниципалдык менчик, жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ажыбеков Ч.А.**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска